**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2022-жылдын 26-майда болуп өткөн бүтүрүүчүлөр менен жолугушуусунун протоколу**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 18

**Күн тартиби:**

1. Бүтүрүүчүлөрдөн анкета алуу
2. Бүтүрүүчүлөрдүн сунуш-пикирин угуу

**Угулду:**

Жыйындын төрагасы, доцент Н.Турганбаев – Саламатсыңарбы, бүтүрүүчүлөр? Мына силер да окууну бүтүп, бизге кесиптеш болуп калдыңар. Университетти бүтүп, өз жон териңер менен сезип, эмнеден кыйналдыңар, эмнеге карата сунуш-пикирлериңер бар, ошону талкуулоо максатында бүгүн жыйналып отурабыз. Азыр силерге жалпы анкета таратылып берилет. Анкетадагы суроолорго так, тартынбай, толук жооп беришиңерди суранат элем. Анткени силердин берген жоопторуңар биздин кийинки окуу-методикалык иштерибиз үчүн, факультеттин өнүгүшү үчүн салым кошот.

Жалпы студенттерге анкета таратылып берилет.

**Сөзгө чыккандар**:

Матаева Салтанат – Саламатсыздарбы, агай-эжекелер, курсташтар? Бүгүнкү жолугушууга катышып жатканыма аябай кубанычтамын. Бүгүнкү күндө кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин бүткөн магистрлер түрдүү окуу жайларда, билим берүү мекемелерде иштеп жатышат. Биз дайыма факультеттин сыймыктуу бүтүрүүчүлөрү катары факультет жөнүндө, окуткан окутуучуларыбыз жөнүндө жакшы пикирлерди айтып келебиз. Сунуш катары сабактарда методикалык эксперимент жүргүзүү жол-жоболорун үйрөтсө деген ойду айтмакмын.

Жумаева Ибадат – Мен да факультеттин бүтүрүүчүсү катары бир-эки ооз сөз айткым келип жатат. Сунуш катары кабыл алсаңыздар да болот. Көбүнчө кээ бир предметтерди тереңдетип окутуу зарылдыгын, же атайын дисциплина катары окуу планга киргизүү керек экендигин айткым келип жатат. Анткени мен мектепте иштеп жатып, ошол билимди терең албагандыгымды сездим. Мисалы, адабият сабагында бир гана кыргыз адабияты менен гана чектелип калбастан, дүйнөлүк адабият менен да таанышып, бүгүнкү күндөгү окуучуларга тааныштырсак жакшы болмок. Себеби азыркы окуучулардын дүйнө таанымы, көз карашы баары бир башкача. Ошондой эле кесиптик карьераны жолго коюу да максатка ылайыктуу.

Акжолова Таңнура – Саламатсыздарбы? Мен бүгүнкү күндө кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинде иштеп жатам. Менин сунушум: илимий иштерди жазууда студенттерге, магистрлерге методикалык жактан жардам керек. Себеби магистрдик диссертация жазууда көп кыйналдык. Ошондой эле ЖОЖдордо окутуу ыкмаларын көбүрөөк камтылган сабактар өтүлсө, методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн заманбап ыкмаларын колдонуу жолдору жөнүндө сөз болсо деген сунушту айтмакмын.

Жыйындын негизинде жалпы катышуучулардын пикири эске алынып, төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1**. Бүтүрүүчүлөрдүн жолугушуусу канааттандырарлык деп табылсын.

**2**. Бүтүрүүчүлөрдүн төмөнкү сунуш-пикирлери эске алынсын:

1) ЖОЖдордо окутуу ыкмаларын көбүрөөк камтуу ;
2) Методикалык эксперимент жүргүзүү жол-жоболорун үйрөтүү;
3) Кесиптик карьераны жолго коюу;
4) Методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн заманбап ыкмаларын колдонуу жолдору.

**3.**Айтылган сунуш-пикирлер факультеттин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.** Катчы: Заирова Н.

26-май, 2022-жыл